Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

**2023-жылдын биринчи чейреги**

Сентябрь 2023

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага | З. Чокоев |
| Кеңештин мүчөлөрү: | А. Мамбеткул кызы |
| | М. Абдырахманов |
| Жооптуу катчы | Р. Тукшаитов |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

“Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми” Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдуу негизи катары Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы № 92 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы саналат. Басылмада тышкы сектордун өнүгүүсүнүн акыркы тенденциялары чагылдырылган жана анда төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык резервдер, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позиция боюнча статистикалык маалыматтар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүү методикасы жана маалымат базасы камтылган. Басылма жыл ичинде төрт жолу: февраль, июнь, август, ноябрь айларында жана үч тилде: мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде басылып чыгат.

## Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2023-жылдын 19-июлу.

### Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:

| | |
|---|---|
| ... | маалыматтардын жок экендигин билдирет; |
| — | көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же бир аз экендигин билдирет; |
| - | жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (1994-1996-жылдар же январь-июль айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган. |

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы “ачык” деп эсептелинет

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-06 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: rtukshaitov@nbkr.kg

Уюштуруучусу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2023-жыл
Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.
“M-Maxima” басма үйүндө басылып чыгарылды.
Тел.: (+996 312) 90 04 35
e-mail: office@maxima.kg

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Жылдык отчет экономиканын реалдуу секторундагы, финансы жана тышкы секторлорундагы өзгөрүүлөргө баа берүү, Улуттук банктын акча-кредит чөйрөсүндөгү, банк жана төлөм системалары, банк эмес финансы-кредит уюмдары боюнча боюнча чечимдерин жана аракеттерин, ошондой эле финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды жана статистикалык тиркемелерди камтыйт. Мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул басылмада Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Улуттук банктын расмий интернет-сайтында ай сайын мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет***
Инфляциянын негизги факторлоруна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана болжолдоолор, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички чөйрөсүндө экономикалык абалдын өнүгүшүнө баа берүүгө негизделген акча-кредит саясаты тармагында Улуттук банктын чечимдери тууралуу коомчулукка маалымат берилет. Чейрек сайын Улуттук банктын расмий интернет-сайтында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***
Коомчулукту Кыргыз Республикасынын финансы системасынын туруктуулугуна жалпы баа берүү боюнча маалыматтар менен тааныштыруу бул басылманын максаты болуп саналат. Жылына эки жолу мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Улуттук банкта кабыл алынган жоболор, нускоолор жана башка ченемдик актылар жарыяланат. Басылма айына бир жолу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жарыяланып турат.

Улуттук банктын басылмалары бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана Улуттук банктын www.nbkr.kg дарегиндеги расмий интернет-сайтында “Басылмалар” бөлүгүндө жайгаштырылып келет

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ААА | атайын административдик аймак |
| АКЖО | акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ (SDR) | Атайы карыз алышуу укугу |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БФКУ | банк эмес финансы-кредит уюмдар |
| ДТК | дүң тышкы карыз |
| ЕАЭБ | Евразия экономикалык бирлиги |
| Жеке ТК | жеке тышкы карыз |
| ИДӨ | ички дүң өнүм |
| КБ | коммерциялык банктар |
| МИ | мамлекеттик ишкана |
| ММК | массалык маалымат каражаттары |
| МТК | мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ОЭСР | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |
| РЭАК | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | импортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| ТИМ | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| УСК | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| Финансы министрлиги | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| ФОБ | экспортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| ЭССК | Эл аралык стандарттык соода классификациясы |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин күндөлүк абалы** ... 7
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** ... 23
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) ... 24
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 34
I.3-таблица. ЭССКнын бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 34
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 35
I.5-таблица. ЭССКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 35
I.6-таблица. Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 36
I.7-таблица. Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 36
I.8-таблица. Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 37
I.9-таблица. Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 37
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ... 38
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ... 40
I.12-таблица. Баа индекстери жана экспорттун айкын көлөмү ... 42
I.13-таблица. Баа индекстери жана импорттун айкын көлөмү ... 43
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү**
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ... 44
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ... 45
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ... 46
I.17-таблица. Беларуска товарлардын экспорту ... 47
I.18-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ... 48
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ... 49
I.20-таблица. БАЭге товарлардын экспорту ... 50
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү**
I.21-таблица. Россиядан товарлардын импорту ... 51
I.22-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ... 52
I.23-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ... 53
I.24-таблица. Украинадан товарлардын импорту ... 54
I.25-таблица. Беларустан товарлардын импорту ... 55
I.26-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ... 56
I.27-таблица. АКШдан товарлардын импорту ... 57
I.28-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ... 58
I.29-таблица. Германиядан товарлардын импорту ... 59
I.30-таблица. Япониядан товарлардын импорту ... 60
I.31-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ... 61
I.32-таблица. БАЭден товарлардын импорту ... 62
I.33-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ... 63
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ... 65
I.34-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ... 66
I.35-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ... 67
I.36-таблица. Эл аралык камдар (бир мезгилдин акырына карата) ... 67
I.37-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ... 68
I.38-таблица. Кыргыз Республикасынын жеке тышкы карызынын географиялык түзүмү ... 69
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү ... 70
I.40-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы ... 71
I.41-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы ... 72
**II тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү ыкмасы**
II.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ... 73

## ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН КҮНДӨЛҮК АБАЛЫ

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу соода тартыштыгынын күч алышынын жана экинчилик кирешелер балансынын начарлашынын таасири астында 1 476,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө (ИДӨгө карата 45,0 пайыз) терс мааниде түптөлгөн. Мында, төлөм теңдеминин күндөлүк операциялар эсебинин калган статьялары – кызмат көрсөтүүлөр балансы жана биринчилик кирешелер балансы боюнча тартыштык кыскарган.

### СООДА БАЛАНСЫ[1]

*Экспорт көлөмүнүн бир аз көбөйүшүнүн алкагында импорттун олуттуу өсүшү соода балансынын тартыштыгынын жогорулашын шарттаган.*

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Кыргыз Республикасынын **соода балансынын терс сальдосу** 2023-жылдын биринчи чейрегинде ФОБ бааларда 1 706,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлүп, 2022-жылдын биринчи чейрегине салыштырганда 30,8 пайызга жогорулаган.

Отчеттук мезгилде **тышкы соода жүгүртүү көлөмү** 2022-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчтөн 25,3 пайызга жогорулоо менен ФОБ бааларда 2 576,6 млн АКШ долларын түзгөн.

**Товарлар экспорту ФОБ бааларда** 435,1 млн АКШ долларын түзгөн. Алтынды эске албаганда товарлар экспорту 2022-жылдын биринчи чейрегине салыштырганда 2,3 пайызга жогорулап, 384,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган.

**Товарлар импорту ФОБ бааларда** 2023-жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 27,4 пайызга жогорулап, 2 141,6 млн АКШ долларын түзгөн.

[1] Бул жерде жана мындан ары текст боюнча, эгерде башка шилтеме келтирилбесе, төлөм теңдемин түзүү методологиясына ылайык, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен товарларга декларациялардын жана УСКнын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соода жүргүзүүнү тандалма иликтөө боюнча кошумча баа берүүлөрүнүн маалымат базасы боюнча түзүлгөн маалымат көрсөтүлгөн.

МАЗМУНУ

## ТЫШКЫ СООДА ТҮЗҮМҮ[2]

Улуттук банктын түзөтүүлөрүн эске албаганда, төлөм теңдемин түзүү методологиясына ылайык **товарлар экспорту ФОБ бааларында** 436,3 млн АКШ долларын түзгөн. Ал эми алтынды эске албаганда экспорт 386,0 млн АКШ долларын түзүү менен 2022-жылдын биринчи чейрегине салыштырганда 2,7 пайызга көбөйгөн.

Экспорттун функционалдык түзүмүнө ылайык, отчеттук мезгилде керектөө товарларын жана энергия продукцияларын кошпогондо, функционалдык бөлүштүрүүнүн бардык статьялары боюнча өсүш байкалган. Экспорттун негизги үлүшүн керектөө товарлары (экспорттун жалпы көлөмүнүн 35,4 пайызы) жана аралык товарлар (35,1 пайыз) түзгөн, ал эми чийки зат үлүшү 14,0 пайыз, энергия продукциялары жана инвестициялык товарлар чогуу алганда – 15,4 пайыз чегинде калыптанган.

Керектөө товарларынын экспорту 3,0 пайызга кыскарып, 154,6 млн АКШ доллары чегинде калыптанган. Экспорттун негизги көлөмү жеңил автоунааларды жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорттук каражаттарды (4,8 эсеге көбөйүү), товарларды ташуу жана таңгактоо үчүн буюмдарды (68,1 пайызга), дан эгиндеринен, ундан же крахмалдан даярдалган азыктарды (39,1 пайызга), ошондой эле майларды жана башка тоң майларды (4,3 эсеге) сунуштоолор менен камсыздалган. Ошону менен бирге жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар (48,7 пайызга), кийим-кече (14,7 пайызга), тирүү мал (44,5 пайызга) экспорту төмөндөгөндүгү байкалган.

Аралык товарлар экспортунун нарктык көлөмү 17,7 пайызга өсүп, өзгөчө алтынды сунуштоо көлөмүнүн көбөйүшүнүн эсебинен 153,3 млн АКШ долларын түзгөн.

Чийки зат экспортунун чогуу алгандагы көлөмү 2022-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчтөн 67,3 пайызга жогору түптөлүп, өзгөчө кендерди жана баалуу металл концентраттарын (68,3 пайызга) сунуштоо көлөмүнүн өсүшүнүн негизинде 61,3 млн АКШ долларын түзгөн. Ошол эле мезгилде пахта экспорту төмөндөгөн (48,8 пайызга).

Энергия продукциялар экспорту 38,4 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2022-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчтөн 5,8 пайызга аз. Төмөндөө авиакеросинди[3] (37,9 пайызга) жана мазутту (39,4 пайызга) экспорттоо көлөмүнүн кыйла кыскарышынын натыйжасында келип чыккан. Ошол эле учурда көмүрдү, коксту жана брикеттерди (2,5 эсеге) жана майлоочу мунай майларын (4,3 эсеге) экспорттоо көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген.

Инвестициялык товарлар экспорту отчеттук мезгилде 3,1 эсеге, 28,7 млн АКШ долларына чейин өскөн. Сунуштоо көлөмүнүн өсүшү телефон аппараттары (26,3 пайызга) жана маалыматтарды жана алардын түйүндөрүн автоматтык түрдө иштеп чыгуу үчүн машиналар (6,2 эсеге) боюнча белгиленген. Мында, компрессиялык от алдыргыч менен ичтен күйүүчү башка кыймылдаткычтарды сунуштоо көлөмү азайгандыгы белгиленген (олуттуу көлөмдө).

**Товарлар экспортунун географиялык түзүмүндө** басымдуу салыштырма салмак өткөн жылдын биринчи чейрегинде сыяктуу эле, ЕАЭБге кирген өлкөлөргө туура келген (53,7 пайыз). ЕАЭБ өлкөлөрүнө товарларды экспорттоо түзүмүн, негизинен, жеңил өнөр жай жана айыл чарба продукциялары түзгөн. Аталган товарларды сунуштоо көлөмүнүн дээрлик бардыгы Россияга (50,1 пайыз) жана Казакстанга (47,2 пайыз) жөнөтүлгөн.

ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн товарларды экспорттоонун жалпы көлөмүндөгү суммардык үлүшү 46,3 пайызды түзгөн. Отчеттук мезгилде товарларды экспорттоонун көбүрөөк көлөмү Өзбекстанга, Швейцарияга жана Түркияга жөнөтүлгөн (жалпы алганда ЕАЭБге кирбеген өлкөлөр арасында 60,5 пайыз), бул багытта негизинен иштеп чыгаруу өнөр жай товарлары (алтын) жана айыл чарба продукциялары сунушталган.

МАЗМУНУ

2 Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча.
3 Борттук запастарды ташып чыгаруу.

## 1-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү*
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | I'19 | I'20 | I'21 | I'22 | I'23 | жыйынтыгында, пайыздарда I'23[1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Металл кендери жана металл сыныктары** | **Бардыгы болуп** | **64,2** | **46,1** | **65,7** | **65,6** | **85,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 29,0 | 29,2 | 29,1 | 29,7 | 49,1 | 57,1 |
| | Россия | 17,8 | 6,1 | 22,1 | 33,6 | 30,3 | 35,2 |
| | Кытай | 4,3 | 4,8 | 3,9 | 0,4 | 5,9 | 6,9 |
| **Монетардык эмес алтын** | **Бардыгы болуп** | **196,1** | **212,9** | **140,3** | **0,2** | **50,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Швейцария | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 40,6 | 80,7 |
| | Кытай, Гонконг ААСы | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 9,7 | 19,3 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **27,4** | **33,7** | **10,5** | **28,1** | **24,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 22,8 | 32,4 | 9,6 | 16,1 | 15,8 | 65,9 |
| | Казакстан | 4,3 | 1,1 | 0,5 | 11,9 | 8,0 | 33,2 |
| **Мунай заттары** | **Бардыгы болуп** | **14,5** | **16,9** | **11,5** | **34,9** | **23,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 4,6 | 3,5 | 1,9 | 13,3 | 8,9 | 37,7 |
| | Өзбекстан | 1,4 | 5,1 | 1,0 | 1,4 | 6,0 | 25,2 |
| | Кытай | 1,9 | 1,9 | 1,2 | 6,3 | 2,0 | 8,7 |
| **Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар** | **Бардыгы болуп** | **25,6** | **24,0** | **19,5** | **41,3** | **21,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 8,9 | 3,3 | 3,7 | 3,7 | 5,6 | 26,2 |
| | Афганистан | 0,5 | 0,0 | 1,9 | 7,9 | 5,2 | 24,6 |
| | Өзбекстан | 0,0 | 0,4 | 0,9 | 2,8 | 2,1 | 9,7 |
| | Сербия | 1,0 | 1,4 | 1,2 | 3,2 | 2,0 | 9,6 |
| **Көмүр, кокс жана брикеттер** | **Бардыгы болуп** | **4,2** | **4,1** | **5,9** | **5,8** | **14,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 3,8 | 3,8 | 5,1 | 5,5 | 9,7 | 66,4 |
| | Нидерланд | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1,6 | 10,8 |
| **Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **10,9** | **18,8** | **7,8** | **13,2** | **11,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 5,4 | 14,4 | 5,8 | 6,4 | 8,7 | 74,4 |
| | Өзбекстан | 0,6 | 2,0 | 0,5 | 0,2 | 0,7 | 5,7 |
| | Казакстан | 3,1 | 0,6 | 0,7 | 0,5 | 0,6 | 4,8 |
| **Пластмассадан жасалган товарларды ташуу же таңгактоо үчүн буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **4,3** | **6,1** | **6,1** | **6,6** | **11,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 3,5 | 5,0 | 4,6 | 6,2 | 9,5 | 84,6 |
| **Пахта** | **Бардыгы болуп** | **8,2** | **8,0** | **12,4** | **20,5** | **10,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 4,8 | 5,2 | 10,6 | 17,2 | 4,9 | 47,0 |
| | Иран | 0,0 | 0,2 | 0,0 | 0,8 | 4,2 | 40,1 |
| **Тирүү мал** | **Бардыгы болуп** | **0,9** | **3,2** | **2,5** | **14,1** | **7,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 0,2 | 0,9 | 0,7 | 11,9 | 6,8 | 86,4 |
| | Казакстан | 0,1 | 1,9 | 1,9 | 2,1 | 1,1 | 13,5 |
| **Дан азыктарынан, ундан же крахмалдан жасалган азыктар** | **Бардыгы болуп** | **2,8** | **3,6** | **7,1** | **5,3** | **7,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 2,6 | 2,0 | 5,1 | 4,8 | 6,2 | 84,1 |
| **Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **3,6** | **6,6** | **6,2** | **5,2** | **5,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 3,1 | 5,3 | 5,6 | 4,7 | 5,4 | 91,4 |
| **Май жана сүттөн алынган май, башка тоң майлар** | **Бардыгы болуп** | **0,8** | **3,0** | **6,5** | **1,1** | **4,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 0,6 | 1,4 | 6,2 | 0,4 | 4,2 | 93,1 |
| **Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек** | **Бардыгы болуп** | **5,2** | **6,7** | **19,8** | **11,8** | **4,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 2,7 | 4,5 | 4,6 | 8,7 | 2,4 | 55,3 |
| | Россия | 0,4 | 0,0 | 12,6 | 1,5 | 1,0 | 22,7 |
| | Өзбекстан | 1,1 | 1,3 | 1,8 | 1,5 | 0,9 | 21,3 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде

[1] Ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда.

МАЗМУНУ

2023-жылдын биринчи чейрегинде **товарлар импорту** 2022-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 27,7 пайызга жогорулап, СИФ бааларында 2 295,3 млн АКШ долларын түзгөн.

2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча импорттун функционалдык түзүмүндө аралык жана инвестициялоо багытындагы товарлар категориясынын көлөмү кыйла жогорулагандыгы белгиленген. Соода жүргүзүү шарттарын өзгөртүү аралык товарлар үлүшүнүн импорттун жалпы көлөмүндө 42,3 пайызга чейин жана инвестициялык товарлардын жалпы көлөмүндө – 19,2 пайызга чейин өсүшүнө таасирин тийгизген, мында керектөө багытындагы товарлардын үлүшү 30,1 пайызга чейин, ал эми энергия продукциялары – эки эседен көп, 6,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Чийки заттын салыштырма салмагы бир азды гана түзүү менен 2,0 пайыз деңгээлинде анчалык өзгөргөн эмес.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча аралык товарлар импорту 75,9 пайызга жогорулап, 970,9 млн АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн. Сунуштоолор трикотаж же токулган кездемелердин (3,0 эсеге көбөйүү), чоюн жана болоттун (19,5 пайызга), жасалма материалдардан кездемелердин (77,2 пайыз), автоунаалардын тетиктери жана ага тиешелүүлөрдүн (78,5 пайыз) эсебинен камсыздалган. Ошону менен бирге тигүү машиналары үчүн ийнелерди, машина жана эмерек үчүн тетиктерди (57,6 пайыз), пластмассаны (27,8 пайыз) импорттоо көлөмү төмөндөгөндүгү байкалган.

2023-жылдын биринчи чейрегинде керектөө товарларын импорттоо 2,6 пайызга көбөйүп, 691,7 млн АКШ долларын түзгөн. Жеңил автоунааларды жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорттук каражаттарды (6,6 эсеге өсүш), жаңы үзүлгөн же кургатылган жемиштерди жана жаңгактарды (2,0 эсеге), эфир майларын, жууп-тазалоо үчүн каражаттарды (21,2 пайызга) алып келүү көлөмү өскөндүгү белгиленген. Мында, кийим-кечени (70,3 пайызга) жана бут кийимди (49,0 пайызга) импорттоо көлөмү кыскаргандыгы байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде инвестициялык товарлар импорту 73,7 пайызга жогорулап, 439,8 млн АКШ долларын түзгөн. Кароого алынган категориянын товардык түзүмүнө ылайык, темир устачылык жабдууларын, сейфтерди жана карматуучу буюмдарды (84,6 пайызга), телефон аппараттарын (92,7 пайызга), маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуу машиналарын жана алардын түйүндөрүн (8,4 эсеге) импорттоо көлөмү кыйла жогорулаган. Мында, транспорттук каражаттар үчүн ичтен күйүүчү поршендик кыймылдаткычтарды импорттоо көлөмү кыскаргандыгы (54,1 пайызга) байкалган.

Энергия продукцияларын импорттоо 2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 48,2 пайызга кыскаруу менен 146,5 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай динамика негизинен мунай заттарын импорттоонун нарктык көлөмүнүн 60,3 пайызга, 88,7 млн АКШ долларына чейин төмөндөшү менен шартталган, алардын бул товарлар тобундагы үлүшү 60,5 пайызды түзгөн. Көпчүлүк бөлүгүндө бензинди (65,1 пайызга), дизель отунун (70,2 пайызга) жана авиакеросинди (53,3 пайызга) импорттоо көлөмү төмөндөгөндүгү, ал эми майлоочу материалдарды сунуштоо 59,1 пайызга жогорулагандыгы байкалган.

**2-таблица. Мунай заттардын импорту***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | I'19 | I'20 | I'21 | I'22 | I'23 | жыйынтыгында, пайыздарда I'23 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **372,1** | **363,0** | **392,3** | **380,4** | **160,3** | **100,0** |
| | ***млн АКШ доллары*** | **157,9** | **156,8** | **142,5** | **223,2** | **88,7** | **100,0** |
| Дизель отуну | *миң т* | 151,0 | 134,1 | 168,4 | 118,1 | 34,4 | 21,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 79,4 | 70,8 | 69,0 | 78,0 | 23,3 | 26,2 |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 145,8 | 184,1 | 206,6 | 194,2 | 92,9 | 58,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 41,8 | 59,7 | 60,9 | 90,4 | 31,5 | 35,5 |
| Авиакеросин | *миң т* | 18,9 | 14,4 | 7,4 | 39,6 | 18,8 | 11,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 10,5 | 8,3 | 3,3 | 31,7 | 14,8 | 16,7 |
| Майлоочу материалдар | *миң т* | 5,6 | 4,9 | 4,9 | 5,3 | 5,7 | 3,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 7,4 | 7,7 | 7,9 | 8,8 | 13,9 | 15,7 |
| Мазут | *миң т* | 36,7 | 16,3 | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 13,3 | 6,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,5 | 0,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 0,2 |
| Жана башка мунай заттар | *миң т* | 14,1 | 9,2 | 5,0 | 23,2 | 7,9 | 4,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,5 | 3,5 | 1,4 | 14,4 | 5,0 | 5,6 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

Чийки зат импорту 46,3 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2022-жылдын биринчи чейреги үчүн көрсөткүчтөн 33,0 пайызга көп. Өсүш, негизинен, тартылбаган данды жана угутту (22,3 пайызга), металл туздарын жана органикалык эмес кислоталар персолун (18,5 пайызга) сунуштоо чөйрөсүндө белгиленген.

**Товарлар импортун географиялык бөлүштүрүүдө** ЕАЭБ өлкөлөрүнөн берүүлөрдүн үлүшү отчеттук мезгилде 26,1 пайызга чейин кыскарган (2022-жылдын биринчи чейрегинде 38,6 пайыз). ЕАЭБге кирген өлкөлөрдөн импорттолгон товарлардын түзүмүндө отун-энергетикалык товарлар басымдуу бөлүктү ээлейт, алардын негизги көлөмү Россия Федерациясынан жана Казакстан Республикасынан келип түшүүдө. Энергия продукцияларынан тышкары аталган өлкөлөрдөн бир катар керектөө жана инвестициялык багыттагы товарлар импорттолуп жатат.

2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн салыштырма салмагы 2022-жылдын ушул эле мезгилиндеги деңгээлден (61,4 пайыз) кыйла артуу менен 73,9 пайызды түзгөн. Үчүнчү өлкөлөрдөн импорттоонун өсүш динамикасы, негизинен, аралык жана керектөө товарларын сунуштоо көлөмүнүн көбөйүшү менен шартталган. Кытай, мурдагыдай эле, импорттоонун жалпы көлөмүнүн 56,6 пайызын ээлөө менен ЕАЭБге кирбеген өлкөлөр ичинен соода боюнча ири өнөктөш өлкө катары саналууда. 2023-жылдын биринчи чейрегинде сунуштоолор Түркиядан (7,5 пайыз), Корея Республикасынан (4,9 пайыз) жана АКШдан (4,5 пайыз) ишке ашырылган.

## 3-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү*
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | I'19 | I'20 | I'21 | I'22 | I'23 | жыйынтыгында, пайыздарда I'23[1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **26,0** | **51,7** | **62,4** | **84,0** | **396,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 8,0 | 5,2 | 6,3 | 22,1 | 94,6 | 23,8 |
| | Корея Республикасы | 0,8 | 1,3 | 5,9 | 7,0 | 68,3 | 17,2 |
| | АКШ | 1,5 | 8,3 | 21,1 | 6,0 | 46,0 | 11,6 |
| | Германия | 1,5 | 1,6 | 0,9 | 1,8 | 44,5 | 11,2 |
| | Япония | 0,9 | 0,4 | 0,9 | 4,4 | 35,1 | 8,8 |
| **Трикотаж же согулган кездемелер** | **Бардыгы болуп** | **23,2** | **10,1** | **16,9** | **85,5** | **260,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 13,3 | 4,0 | 0,7 | 59,2 | 224,8 | 86,4 |
| | Түркия | 8,1 | 3,5 | 9,7 | 7,9 | 21,3 | 8,2 |
| | Өзбекстан | 1,7 | 2,5 | 6,4 | 7,3 | 11,0 | 4,2 |
| **Мунай заттары** | **Бардыгы болуп** | **157,9** | **156,8** | **142,5** | **223,2** | **88,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 106,5 | 135,3 | 129,8 | 211,9 | 68,8 | 77,5 |
| | Казакстан | 43,1 | 14,7 | 7,8 | 3,2 | 9,2 | 10,3 |
| **Чоюн жана болот** | **Бардыгы болуп** | **52,9** | **117,2** | **55,5** | **74,2** | **88,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 39,9 | 106,6 | 41,7 | 57,2 | 72,8 | 82,2 |
| | Казакстан | 8,1 | 7,7 | 10,6 | 9,8 | 10,9 | 12,3 |
| | Кытай | 4,4 | 2,3 | 2,3 | 5,4 | 2,8 | 3,1 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **95,6** | **30,9** | **8,9** | **153,9** | **78,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 90,1 | 27,5 | 4,0 | 143,0 | 68,6 | 87,4 |
| | Түркия | 3,8 | 2,1 | 2,7 | 8,5 | 8,6 | 10,9 |
| **Слесардык жабдуулар, сейфтер жана темирден жасалган майда-барат буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **39,2** | **5,0** | **2,1** | **41,9** | **77,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 38,1 | 4,0 | 0,6 | 41,0 | 75,0 | 96,9 |
| **Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары** | **Бардыгы болуп** | **41,9** | **28,2** | **31,7** | **36,4** | **70,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 35,3 | 24,4 | 25,6 | 29,1 | 47,6 | 67,9 |
| | Вьетнам | 1,1 | 0,6 | 3,0 | 2,5 | 16,0 | 22,8 |
| **Идиш жуугуч машиналардын жана жабдуулардын тетиктери** | **Бардыгы болуп** | **0,0** | **0,1** | **0,1** | **1,4** | **57,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 1,0 | 56,9 | 99,2 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **67,7** | **29,2** | **34,8** | **140,4** | **41,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 13,9 | 6,9 | 11,6 | 41,6 | 18,4 | 44,0 |
| | Кытай | 44,3 | 12,8 | 10,3 | 85,1 | 9,9 | 23,9 |
| | Өзбекстан | 4,4 | 3,1 | 9,5 | 8,8 | 6,7 | 16,0 |
| **Медикаменттер (ветеринардык медикаменттерди кошо алганда)** | **Бардыгы болуп** | **36,7** | **36,9** | **28,2** | **40,0** | **41,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Индия | 6,8 | 4,8 | 3,9 | 4,3 | 10,2 | 24,7 |
| | Түркия | 2,5 | 2,7 | 2,8 | 5,0 | 6,2 | 14,9 |
| | Словения | 1,8 | 2,7 | 2,4 | 2,0 | 3,2 | 7,6 |
| | Германия | 1,9 | 1,6 | 1,8 | 1,7 | 3,0 | 7,1 |
| **Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер** | **Бардыгы болуп** | **33,1** | **19,3** | **16,6** | **19,1** | **33,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 32,4 | 18,8 | 16,4 | 18,0 | 28,8 | 85,4 |
| **Эфир майлары, жуугуч каражаттар** | **Бардыгы болуп** | **17,7** | **19,6** | **20,1** | **27,5** | **33,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 7,6 | 9,5 | 9,5 | 9,8 | 10,9 | 32,7 |
| | Казакстан | 3,5 | 4,2 | 4,2 | 4,8 | 5,6 | 16,8 |
| | Франция | 1,9 | 1,7 | 2,0 | 2,9 | 3,1 | 9,2 |
| | Түркия | 1,0 | 0,6 | 0,9 | 1,1 | 2,9 | 8,6 |
| **Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **11,7** | **13,7** | **18,1** | **15,4** | **31,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 7,2 | 3,7 | 8,2 | 5,5 | 17,9 | 57,7 |
| | Эквадор | 1,0 | 1,5 | 2,3 | 3,5 | 3,1 | 10,1 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

[1] Ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда.

МАЗМУНУ

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

*Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын терс сальдосу Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк жарандарга сунушталып жаткан кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн өсүшү таасири астында жакшырган.*

**3-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын** сальдосу отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча 25,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн, бул 2022-жылдын биринчи чейреги үчүн тиешелүү көрсөткүчтөн 61,1 пайызга төмөн. Кызмат көрсөтүүлөр экспорту 3,1 эсеге, 503,8 млн АКШ долларына чейин, кызмат көрсөтүүлөр импорту – 2,3 эсеге, 529,3 млн АКШ долларына чейин өскөн.

Отчеттук мезгилде кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоочу статьялар катары, мурдагыдай эле, “кыдыруулар” жана “транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” саналган, жалпы алганда аларга эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү жүгүртүү көлөмүнүн 77,8 пайызы туура келген.

Отчеттук мезгилде транспорттук кызмат көрсөтүүлөр сальдосу, мурдагыдай эле, терс мааниде түптөлүп, 125,2 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2022-жылдын тиешелүү мезгили үчүн көрсөткүчтөн 34,8 пайызга жогору. Мындай динамика транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдү импорттоо көлөмүнүн аларды экспорттоо көлөмүнө караганда озгон арымда өсүшү менен шартталган: импорт көлөмү, өзгөчө, темир жол транспорту кызмат көрсөтүүлөрүнүн эсебинен 78,9 млн АКШ долларына же 49,9 пайызга өскөн, ал эми экспорттоо көлөмү, негизинен, аба жана автоунаа транспортторунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн эсебинен 46,6 млн АКШ долларына же 71,4 пайызга көбөйгөн.

“Кыдыруулар” статьясынын балансы 154,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2022-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчтөн 3,7 эсеге жогору. Чет өлкөлүк жарандарга Кыргыз Республикасына кыдыруулары учурунда сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн (кызмат көрсөтүүлөр экспорту) жалпы көлөмү отчеттук мезгилде 4,8 эсеге жогорулап, 304,5 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай өсүш, негизинен, жакынкы чет өлкөлөрдөн туристтер агымынын кыйла көбөйүшүнүн эсебинен келип чыккан. Чет өлкөгө барганда резиденттерге сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү (кыдыруулар импорту) 6,8 эсеге өсүп, 150,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

“Жеке адамдарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр” статьясынын сальдосу 2022-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчтөн 3,5 эсеге жогорулап, 49,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн. Аталган статья боюнча өсүш эки багыт боюнча тең – экспорт жана импорт боюнча байкалган, бул турларды жана кыдырууларды уюштурууга күч алып жаткан дүйнөлүк суроо-талапка, анын ичинде Кыргыз Республикасында туризм жана саякат тармактарын өнүктүрүүгө байланыштуу болгон. Ошентип, 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда экспорт 2,4 эсеге (26,3 млн АКШ долларына чейин), ал эми импорт – 3,0 эсеге (75,8 млн АКШ долларына чейин) жогорулаган.

## БАШТАПКЫ КИРЕШЕЛЕР БАЛАНСЫ

*“Баштапкы кирешелер” статьясынын динамикасы отчеттук мезгилде көбүнчө резидент эместердин тике инвестициялар боюнча алынуучу кирешелер көлөмүнүн өзгөрүшү менен аныкталган.*

2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча **“баштапкы кирешелер”** статьясынын сальдосу 115,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул 2022-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчтөн 38,0 пайызга төмөн. Мындай динамика, негизинен, резидент компаниялардын чет өлкөлүк инвесторлор тарабынан алынган кайра инвестицияланган кирешелер көлөмүнүн 79,8 млн АКШ долларына чейин өсүшү менен шартталган. Төлөөгө чегерилген дивиденддердин көлөмү 3,4 эсеге өсүп, 21,3 млн АКШ долларын түзгөн. Натыйжада, тике инвестициялар боюнча инвестициялык кирешелердин сальдосу 2022-жылдын биринчи чейрегиндеги төлөөгө чегерилген кирешелердин деңгээлинен 35,5 пайызга төмөндөп, 102,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

Мамлекеттик жана жеке секторлордун тышкы карыздык милдеттенмелери боюнча төлөөгө чегерилген пайыздардын көлөмү 32,6 млн АКШ долларын түзгөн. Ал эми башка инвестициялар боюнча алууга каралган пайыздар 2022-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 5,6 эсеге жогорулап, 20,0 млн АКШ долларын түзгөн. Жыйынтыгында, “башка инвестициялар” статьясы боюнча төлөөгө чегерилген пайыздардын таза көлөмү 2022-жылдын биринчи чейрегине салыштырганда 51,6 пайызга төмөндөө менен 12,5 млн АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгилде “эмгекке төлөө” статьясынын сальдосу 0,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлүп, резидент эместердин Кыргыз Республикасында иштеген ишинен түшкөн жыйынды кирешелеринин көлөмүнүн кыскарышынын натыйжасында 68,6 пайызга төмөндөгөн.

## ЭКИНЧИЛИК КИРЕШЕЛЕР БАЛАНСЫ

*Жеке сектордун трансферттеринин таза агылып кирүүсүнүн төмөндөшү “экинчилик кирешелер” статьясына аныктоочу таасирин тийгизген.*

2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча **экинчилик кирешелердин** балансы жеке трансферттердин түшүүлөрүнүн 18,2 пайызга, 372,4 млн АКШ долларына чейин төмөндөшүнүн эсебинен 19,9 пайызга кыскарып, 371,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн.

Жеке трансферттер түзүмүндө, мурдагыдай эле, түшүүлөрдүн дээрлик бардык көлөмү жеке адамдардын акча которуулары менен камсыздалган. Отчеттук мезгил ичинде акча которуулардын дүң агылып кирүүсү 6,0 пайызга төмөндөгөн, ал эми агылып чыгуу 39,9 пайызга көбөйгөн. Натыйжада, таза агылып кирүү 368,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2022-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 17,8 пайызга төмөн.

**4-таблица. Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын түзүмү***
*(млн АКШ долларында)*

| | I’19 | I’20 | I’21 | I’22 | I’23 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 489,3 | 396,3 | 474,9 | 447,8 | 368,3 |
| 1.1.1. Түшүүлөр | 606,8 | 511,8 | 600,7 | 562,7 | 528,9 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| *Акча которуу системалары боюнча түшүүлөр* | *540,4* | *457,7* | *542,9* | *518,0* | *467,9* |
| *Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери*[1] | *0,6* | *0,8* | *15,5* | *3,8* | *28,9* |
| *Почта аркылуу калктын акча которуулары* | *0,2* | *0,2* | *0,2* | *0,2* | *0,2* |
| *Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрү*[2] | *65,7* | *53,2* | *42,0* | *40,7* | *31,8* |
| 1.1.2. Агылып чыгуу | -117,5 | -115,4 | -125,8 | -114,9 | -160,6 |

* Кошумча баа берүүлөрдү эске алганда, Улуттук банктын маалыматтары боюнча

[1] 3000 АКШ долларынан ашпаган өлчөмдөгү которуулар эске алынган; 2020-жылдан тартып телефон номери боюнча которуулар да эске алынган.

[2] Мигранттардын нак формада алынып келинген которууларынын бөлүгүн кошумча эсептөө үчүн 10% өлчөмүндө кошумча баа берүү коэффициенти колдонулат (2019-жылдын I чейрегинен тартып 2020-жылдын I чейрегин кошо алгандагы мезгилде – 15,5%).

**4-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Республикага акча каражаттарын которуулардын негизги ыкмасы катары, мурдагыдай эле, акча которуу системалары саналат[4], алар аркылуу өлкөгө бардык акча которуулардын 90 пайызынан ашыгы келип түшөт. 2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча которуу системалары аркылуу келип түшкөн каражаттардын дүң көлөмү 467,9 млн АКШ долларын түзгөн[5], бул 2022-жылдын ушул мезгилиндеги көрсөткүчтөн 9,7 пайызга төмөн. Өлкөдөн которуулардын көлөмү 35,0 пайызга жогорулап, 149,6 млн АКШ долларын түзгөн.

Натыйжада, жеке адамдардан которуу системалары аркылуу түшкөн акча которуулар агымынын таза көлөмү 21,8 пайызга төмөндөп, 318,3 млн АКШ долларын түзгөн. Почта аркылуу которуулардын жана жеке адамдар ортосунда банктык эсептер аркылуу жеке которууларынын салыштырма салмагы бир азды гана түзгөн.

Акча которуулардын географиялык түзүмү өзгөрүүсүз калган. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча акча которуулардын басымдуу бөлүгү Россия Федерациясынан түшкөн (89,9 пайызы). Ал эми Кыргыз Республикасынан жөнөтүлгөн которуулардын олуттуу көлөмү да Россия Федерациясына туура келген (65,6 пайыз).

2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 368,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө акча которуулардын таза агылып кирүүсү керектөө товарларынын таза экспортунун ордун жабуу үчүн жетишсиз болгон, ал өз кезегинде, 537,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

*Капитал менен операциялар эсебинин оң сальдосу негизинен капиталдык трансферттердин агылып кирүүсү менен шартталган.*

2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча **капитал менен операциялар эсебинин** сальдосу мамлекеттик сектордун капиталдык трансферттеринин 27,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө чет өлкөдөн таза агылып кирүүсүнүн эсебинен 35,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде калыптанган.

МАЗМУНУ

[4] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана "Кыргызпочтасы" МИ аркылуу которуулар.
[5] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда.

## ФИНАНСЫЛЫК ЭСЕП

*Финансылык эсептин оң сальдосу, негизинен, башка инвестициялардын динамикасы менен калыптанган.*

**5-график. Финансылык эсеп**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**2023-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча** финансылык эсепте көрсөтүлгөн **тыштан таза кредиттөө көлөмү** (төлөм теңдеми боюнча аналитикалык маалымат) 128,5 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми 2022-жылдын ушул эле мезгилинде 167,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө тыштан таза карыз алышуу белгиленген. Отчеттук мезгил ичинде финансылык эсеп, мурдагыдай эле, башка жана тике инвестициялардын эсебинен калыптанган.

2023-жылдын биринчи чейрегинде “башка инвестициялар” статьясы боюнча тышкы экономикалык операциялар 196,0 млн АКШ доллары суммасына тыштан таза кредиттөөнү камсыз кылган, ошол эле учурда 2022-жылдын биринчи чейрегинде 177,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө тыштан таза карыз алышуу байкалган. Кароого алынган мезгил аралыгында башка инвестициялардын динамикасы эң башкысы милдеттенмелерди таза кабыл алуу менен аныкталган, ал 172,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн. Милдеттенмелерди таза кабыл алуудан улам түптөлгөн мындай терс сальдо негизинен 171,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө соода кредиттери жана аванстар боюнча башка секторлордун карызынын кыскарышы менен шартталган (2022-жылдын ушул эле мезгилинде, тескерисинче, 76,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө соода кредиттери жана аванстар боюнча милдеттенмелер жогорулагандыгы байкалган). Мындан тышкары, экономиканын бардык секторлору боюнча ссудалар жана карыздык каражаттар боюнча милдеттенмелер 51,0 млн АКШ долларына кыскаргандыгы байкалган, бул негизинен, карыздын негизги суммасы боюнча төлөөлөрдүн мамлекеттик жана жеке секторлор тарабынан алынган кредиттер көлөмүнөн артышынын эсебинен шартталган (2022-жылдын биринчи чейрегинде ссудалар жана карыздык каражаттар боюнча милдеттенмелер 33,4 млн АКШ долларына өскөн). Мында коммерциялык банктардын чет өлкөдөгү эсептериндеги нак валюта жана депозит түрүндө милдеттенмелери 49,5 млн АКШ долларына көбөйгөн.

Резиденттердин Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары активдеринин 23,2 млн АКШ долларына өсүшүн (2022-жылдын биринчи чейрегинде активдер 67,6 млн АКШ долларына кыскарган) банк-резиденттердин чет өлкөдөгү 123,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө нак валютасынын жана депозиттеринин жалпы көлөмүнүн олуттуу көбөйүшү менен түшүндүрүүгө болот. Тескерисинче, жеке сектордун соода кредиттери жана авансары 100,5 млн АКШ долларына кыскаргандыгы байкалган, бул резидент эмес компаниялардын кредиттөө суммасынын алардын ордун жабуудан алынган каражаттар суммасынан (активдер) артышынын эсебинен келип чыккан. 2023-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата абал боюнча ишканалардын дебитордук карыздарынын басымдуу көлөмү дүң жана чекене сатуу, иштеп чыгаруу өндүрүшү чөйрөлөрүнө, ошондой эле кесиптик, илимий жана техникалык ишкердик мекемелерине туура келген.

Отчеттук мезгил ичинде тике инвестициялар боюнча терс сальдо 75,1 млн АКШ долларын түзгөн (таза карыз алышуу), бул эң башкысы, резиденттер 79,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө кайра инвестициялоодон кирешелердин түшүүсүнүн эсебинен 80,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө милдеттенмелерди таза кабыл алуусунун көбөйүшү менен шартталган.

Тармактар боюнча алганда тике чет өлкө инвестицияларынын негизги көлөмү иштеп чыгаруу өндүрүштүк ишканаларга (тага агылып кирүү – 29,9 млн АКШ доллары), дүң жана чекене сатууга (26,7 млн АКШ доллары), кесиптик, илимий жана техникалык ишкердик чөйрөсүнө (8,0 млн АКШ доллары), ошондой эле пайдалуу кен байлыктарды казып алууга (6,3 млн АКШ доллары) багытталган. Мында, искусство, оюн-зоок жана эс алуу чөйрөсүнөн (3,8 млн АКШ доллары) жана курулуш иштерин жүргүзгөн ишканалардан (1,6 млн АКШ доллары) таза агылып чыгуу байкалган.

“Каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын сальдосу Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алганда, 1 243,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн. Дүң эл аралык резервдердин көлөмү 2023-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата 2 489,7 млн АКШ долларын түзгөн, бул келечекте товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 2,6 айын[6] жабат.

МАЗМУНУ

[6] Маалымат үчүн: резервдик активдердин көлөмү келечекте товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 2,5 айын каржылоо үчүн жетиштүү.

**5-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)**
*(млн АКШ долларында)*

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-1 066,8** | **374,3** | **-737,7** | **-5 084,0** |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **-2 562,5** | **-1 615,4** | **-2 636,0** | **-6 931,6** |
| экспорт | 3 107,7 | 2 435,4 | 3 291,9 | 3 560,1 |
| импорт | 5 670,2 | 4 050,8 | 5 927,9 | 10 491,7 |
| Соода балансы[1] | -2 624,3 | -1 439,6 | -2 418,1 | -6 823,1 |
| Төлөм теңдеми методологиясына ылайык экспорт ( ФОБ баасында) | 1 192,2 | 1 020,2 | 1 357,0 | 2 172,3 |
| *анын ичинде Реэкспорт* | 86,2 | 67,7 | 113,8 | 154,7 |
| Монетардык эмес алтын | 832,9 | 987,0 | 1 413,0 | 13,1 |
| Импорт (ФОБ баасында) | 4 649,4 | 3 446,8 | 5 188,1 | 9 008,4 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | 61,8 | -175,9 | -218,0 | -108,5 |
| экспорт | 1 082,7 | 428,2 | 521,8 | 1 374,8 |
| импорт | 1 020,8 | 604,1 | 739,8 | 1 483,3 |
| *Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр* | -184,4 | -199,6 | -293,4 | -547,4 |
| экспорт | 269,8 | 153,1 | 203,7 | 364,8 |
| импорт | 454,1 | 352,7 | 497,1 | 912,3 |
| *кыдыруулар* | 252,4 | 62,5 | 134,1 | 537,7 |
| экспорт | 643,5 | 151,3 | 206,8 | 755,7 |
| импорт | 391,1 | 88,8 | 72,8 | 217,9 |
| *Жеке, маданий жана оюн-зоок кызматтары* | 24,9 | -12,4 | -37,0 | -70,5 |
| экспорт | 79,8 | 30,3 | 22,7 | 91,2 |
| импорт | 54,9 | 42,7 | 59,7 | 161,7 |
| *Башка кызматтар көрсөтүүлөр* | -31,1 | -26,3 | -21,6 | -28,3 |
| экспорт | 89,6 | 93,5 | 88,6 | 163,1 |
| импорт | 120,7 | 119,8 | 110,2 | 191,4 |
| **Баштапкы кирешелер балансы[1]** | **-774,6** | **-256,4** | **-622,3** | **-270,4** |
| Алууга | 37,5 | 20,6 | 9,8 | 29,4 |
| Төлөөгө | 812,2 | 277,0 | 632,0 | 299,8 |
| Эмгекке төлөөлөр (нетто) | -15,0 | -11,1 | -6,2 | -9,2 |
| Алууга | — | — | — | — |
| Төлөөгө | 15,0 | 11,1 | 6,2 | 9,2 |
| Инвестициялык кирешелер | -759,6 | -245,4 | -616,0 | -261,2 |
| Алууга кирешелер | 37,5 | 20,6 | 9,8 | 29,4 |
| Төлөөгө кирешелер | 797,1 | 266,0 | 625,8 | 290,5 |
| **Экинчилик кирешелер** | **2 270,3** | **2 246,1** | **2 520,6** | **2 118,0** |
| Алууга | 2 835,6 | 2 744,7 | 3 104,8 | 3 341,0 |
| Төлөөгө | 565,3 | 498,6 | 584,2 | 1 222,9 |
| **Капитал менен операциялар эсеби** | **88,5** | **79,8** | **133,9** | **180,8** |
| Алууга | 105,7 | 93,5 | 155,2 | 196,2 |
| Төлөөгө | 17,3 | 13,8 | 21,3 | 15,4 |
| ***Таза кредиттөө (+)/ таза карыз алуу (-) (күндөлүк операциялар жана капитал менен операциялар эсебинин маалыматтары боюнча сальдо)*** | **-978,4** | **454,0** | **-603,8** | **-4 903,2** |

МАЗМУНУ

| 2022 | | | | 2023 | |
|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | |
| **-1 093,1** | **-1 238,0** | **-1 799,0** | **-954,0** | **-1 476,0** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
